## Бүтүрүүчүнүн компетенциялары.

060102 "Акушердик иш" адистиги боюнча бүтүрүүчү негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттарына жана кесиптик ишмердүүлүктүн милдеттерине ылайык төмөнкү компетенцияларга ээ болушу керек:

**Жалпы компетенциялар:**

1.Өзүнүн ишмердүүлүгүн уюштуруп, кесиптик маселелерди чечүүнүн жолдорун жана ыкмаларын тандап, натыйжалуулугун жана сапатын баалай билүү.

2.Стандарттык жана стандарттык эмес кырдаалда чечимди кабыл алып, демилге киргизүү жана жоопкерчиликти сезе билүү.

3.Жеке жана кесиптик өнүгүүдө, кесиптик маселелерди натыйжалуу жүзөөгө ашырууда маалыматты изденип, түшүндүрүп колдоно билүү.

4.Кесиптик ишмердүүлүгүндө маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдоно билүү.

5.Жамаат менен иш алып баруу, кесиптештер, кардарлар жана жетекчи менен натыйжалуу баарлашуу.

6.Жумуш ордунда жамаат мүчөлөрүнүн (карамагындагылардын) тапшырмаларынын натыйжасы үчүн жоопкерчиликти алуу жана аларды үйрөтө билүү.

7.Кесиптик ишмердүүлүктө өзүнүн жеке жана кесиптик өнүгүшүн башкаруу, жумуш шарттардын жана технологиялардын өзгөрүүлөрүнө ылайыкташуу.

8.Кичи жамаатта уюштуруучулук-башкаруучулук жумуштарга даяр болуу.

9.Мамлекеттик жана расмий тилде логикалык жактан туура, негиздүү, ачык-айкын жазуу жана сүйлөө, социалдык баарлашуу денгээлинде бир чет тилин, грек-латын тилинде терминдерди билүү.

10.Калктын тарыхый мурастарына, салтына аяр мамиле жасап, социалдык, маданий жана диндик өзгөчөлүктөрүн сыйлоо.

**Профессионалдык компетенциялар:**

***Акушердик жана гинекологиялык.***

1.Клиникалык протоколдун негизинде физиологиялык кош бойлуулукта, төрөттө жана төрөттөн кийинки мезгилде аначылык жардам көрсөтүү. Аначылык бертинүүлөрдө жандандыруу усулдарын аткаруу. Төрөт учурунда дарыгерге ассистент болуу жана аначылык операцияларын аткаруу (1-2-денгээлдеги чаттын айрылышын тигүү ж.б. акушердин функционалдык милдеттерине жараша).

2.Ымыркайды тазалоо, баалоо, кам көрүү жана ата-энелерди кам-көрүүгө үйрөтүү.

3.Кош бойлуу учурда, төрөттөн кийинки мезгилде аначылык жана экстрагениталдык кабылдоолору бар кош бойлууга, төрөөчү, төрөгөн аялга диагностикалык изилдөөлөрдү өткөрүү, дарыгерге чейинки жардамды берүү, аларга кам көрүү. Курч бертинүүлөрдө, күтүүсүз окуяларда, кооптуу кырдаалдарда, эпидемияларда жана гинекологияда кечиктирилгис жагдайларда дарыгерге чейинки жардамды көрсөтүү.

4.Ыйгарым укуктарына ылайык оз алдынча медициналык манипуляцияларды аткаруу. Операцияга чейин жана операциядан кийин кам көрүү.

***Медициналык жана профилактикалык.***

5.Кош бойлуу аялдарды көзөмөлдөө жана төрөгөн аялдарды үйүнөн кабар алуу. Кош бойлууларды физиопсихопрофилактикалык жактан төрөткө даярдоо, кош бойлуу учурда, төрөттө жана төрөттөн кийинки кездешүүчү бертинүүлөрдөн алдын алуу.

6.Дарыгердин жетекчилиги астында экстрагениталдык бертинүүлөрү бар бейтаптар менен алдын алуу иштерин жүргүзүү

7.Дарыгердин жетекчилиги астында наристенин физикалык жана психикалык жактан чектенүүлөрдү табуу, кам көрүү, дарылоо-диагностикалык жана профилактикалык иш-чараларды аткаруу.
8.Гинекологиялык бейтаптарга диагностикалык изилдөөлөрдү жана өз убагында профилактикалык жардамды көрсөтүү, профилактикалык кароолордо жана диспансердик көзөмөлдөөлөрдө жардам берүү.

***Медициналык жана социалдык.***

9.Энени жана баланы коргоо маселелери боюнча кенеш берүү жана медициналык камсыздандыруу жөнүндө маалымат берүү.
10.Башка уюмдар менен биргеликте калкка биринчи медициналык жардам көрсөтүү жөнүндө маалымат берүү жана үйрөтүү.
11.Бейтаптарга жана үй-бүлө мүчөлөрүнө операциядан кийин өзүнө-өзү жана үй-бүлө мүчөлөрүнө кам көрүү көндүмдөрүнө үйрөтүү.